ЧҮЙ ОБЛУСУНУН
ЫСЫК-АТА РАЙОНУНУН
ЫСЫК-АТА АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЫСЫК-АТА АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ЫСЫК-АТА
АЙЫЛНОГО АЙМАКА ЫСЫК-АТА
ЫСЫК-АТИНСКОГО РАЙОНА
ЧУЙСКОЙ ОБЛАСТИ

Ысык-Ата айылдык Кенешинин 29-чакырылган кезексиз XVII (он жетинчи) сессиясы

# ТОКТОМ

# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**2026-жылдын 03-июлу №80/ XVII -29** **Алмалуу айылы**

**Ысык-Ата айылдык Кенешинин 2026-жылдын 6-февральындагы “ Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын бюджетинин аткарылышы жана 2026- жылга карата бюджетин бекитүү, Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн аппаратынын жана “Маданият” бөлүмүнүн штаттык жүгүртмөлөрүн бекитүү, Ысык-Ата муниципиалдык ишканасына ыйгарым укуктагы кызматкерлерине акча каражатын которууга жана субсидия берүүгө макулдук берүү, Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн 2026-жылга карата социалдык-экономикалык өнүгүү программасын жана 2027-2028-жылдарга бюджеттин божомол прогнозун бекитүү жөнүндөгү” №72/XV-29 токтомуна өзгөртүү киргизүүгө макулдук берүү жөнүндө**

Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 06-июлундагы №03-13/645 “Ысык-Ата айылдык Кенешинин 2026-жылдын 6-февральындагы “Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын бюджетинин аткарылышы жана 2026- жылга карата бюджетин бекитүү, Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн аппаратынын жана “Маданият” бөлүмүнүн штаттык жүгүртмөлөрүн бекитүү, Ысык-Ата муниципиалдык ишканасынын ыйгарым укуктагы кызматкерлерине акча каражатын которууга жана субсидия берүүгө макулдук берүү, Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн 2026-жылга карата социалдык-экономикалык өнүгүү программасын жана 2027-2028-жылдарга бюджеттин божомол прогнозун бекитүү жөнүндөгү” №72/XV-29 токтомуна өзгөртүү киргизүүгө макулдук берүү жөнүндө” катын Ысык-Ата айылдык Кенешинин депутаттары карап, талкуулап чыгып, **Ысык-Ата айылдык Кеңеши токтом кылат:**

1. Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн 2026-жылга карата “Билим берүү” бөлүмүнүн 2222 беренесинде О.Бөлөбалаев атындагы жалпы билим берүү мектебине кеңсе буюмдарын сатып алууга бөлүнгөн 70,0 (жетимиш миң) сом акча каражатын жана “Аппарат” бөлүмүнүн 2215 беренесинде башка чыгымдарга каралган 200,0 (эки жүз миң) сом акча каражатынын 181,0 (жүз сексен бир миң) сомун, жалпысынан 251,0 (эки жүз элү бир миң) сом акча каражатын төмөнкү маселелерге жылдырууга макулдук берилсин:
   - Ысык-Ата айыл өкмөтүнө караштуу “Ысык-Ата” муниципиалдык ишканасынын ыйгарым укуктагы кызматкерлерине: микроавтобус

айдоочусуна 2 (эки) бирдигине июнь, июль, август айларына айлык маянасына акча каражаты каралбагандыгына байланыштуу бала бакчага барган балдарды, бала бакчага ташуу максатында айлык маянасына 71,9 (жетимиш бир миң тогуз жүз) сом жана социалдык төлөмдөрүнө 1,7 (бир миң жети жүз) сом жалпысынан 73,6 (жетимиш үч миң алты жүз) сом акча каражаты жылдырылсын;

- Ысык-Ата айыл өкмөтүнө караштуу "Ысык-Ата" муниципиалдык ишканасынын ыйгарым укуктагы кызматкерлеринин: айдоочулардын 2 (эки) бирдик, кароолчу кызматкеринин 1 (бир) бирдик айлык маяналары аз болуп жаткандыгына байланыштуу 2026-жылдын 01-июнунан тартып ар бирине 5,0 (беш миң) сомдон жалпысынан 105,0 (жүз беш миң) сом жана социалдык төлөмү 2,4 (эки миң төрт жүз) сом баардыгы болуп 107,4 (жүз жети миң төрт жүз) сом акча каражаты «Турак жай-коммуналдык чарба» (ЖКХ) бөлүмүнүн 2215 беренесине жылдырылсын;
- "Билим берүү" бөлүмүнүн 2215 беренесине Ысык-Ата айыл аймагына караштуу О.Бөлөбалаев атындагы жалпы билим берүү мектебинин имаратын заманбап жасалгалоого 70,0 (жетимиш миң) сом акча каражатын жылдырууга макулдук берилсин;

2. Бул токтомдун аткарылышы Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн социалдык-экономика өнүгүү бөлүмүнүн башчысына жана "Ысык-Ата" муниципиалдык ишканасынын жетекчисине жүктөлсүн;
3. Бул токтомдун аткарылышын Ысык-Ата айылдык Кенешинин бюджет жана каржы маселеси боюнча туруктуу комиссиясы көзөмөлгө алсын.

Токтом бир добуштан кабыл алынды.

**Төрага** **Н.Ибраимов**